№1 Педагогикалык кенешменин

чечими менен

30.08.2022ж

БЕКИТЕМИН

Мектеп директору: Бейшекеева Н.М

**О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын этикалык кодекси**

1. Мектеп окуучусу мугалим менен жолукканда учурашуусу абзел.
2. Мектеп окуучусу кире бериштен улуулар же мугалимдер менен кезигип калса, аларга жол бошотуусу зарыл.
3. Мектепте окуучулар кызматтык стилде кийинүүсү милдеттүү. Мектепте окуучу кыздар боенуп косметикалык каражаттарды колдонуусуна тыюу салынат.
4. Ашканага сырткы кийимсиз кирүү керек. Тамактануудан кийин идиш аякты өздөрү жыйнашат.
5. Класска мугалим кирип келгенде окуучулар ордунан туруп саламдашат. Ошондой эле улуу адамдар кирген учурда да ушундай шартта учурашышат.
6. Сабак учурунда ызы-чуу салганга өзгөчө тоскоолдук жаратуусуна, өзүнүн ар нерсеге алагды болуусуна, ошондой эле сабакка тиешеси жок оюндар менен ойноп сабакка тоскоолдук жаратуусуна тыюу салынат.
7. Окуучу мугалим талап кылганда күндөлүктү көрсөтүүгө милдеттүү.
8. Сабак убактысында мугалимдин уруксааты жок мектептен кетип калуусу болбойт.
9. Окуучулар мектептин жана башкалардын буюмдарына аяр мамиле жасоосу керек.
10. Танапис учурунда чуркап, түртүшүп, тартышып, кыйкырууга болбойт. Бул ден соолукка жана омүргө зыян алып келет.
11. Оозго алгыс уят создөрдү айтууга, окуучу мугалим менен кайым айтышууга жол берилбейт. Мугалимдер жана башка мектепте иштеген кызматкерлер менен сылыкмамиледе болуусу шарт.
12. Окуучу өзүнүн пикир келишпөөсүн, ой пикирин башкалар менен макул эместигин билдирүүсү мүмкүн, бирок алардын көз карашын цивилизациялык жол менен чечүү керек. Окуучулар жалган маалымат таратууда жоопко тартылат.
13. Жоголгон жана таап алган буюмдар болсо администраторлорго, кароолчуга же нөөмөтчүгө, мугалимге тапшырууга милдеттүү.